Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Кыргыз Республикалык Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюз комитети

Ош облустук билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюз комитети

Ош облусунун билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюз комитетинде катталды

_____ _____ 2022-жыл

№_____

ОшМПУнун жетекчилиги жана профсоюз комитетинин ортосундагы

ЖАМААТТЫК КЕЛИШИМ

2022-жылдын июнь айынан 2025-жылдын июнь айына чейин

Ош шаары-2022

Жамааттык келишим

1. **Жамааттык келишим** - А. Мырсабеков атындагы Ош Мамлекеттик Педагогикалык Университеттинде жана ага баш ийген бөлүкчүлөрүндө ОшМПУнун ректору (иш берүүчү) мындан кийин жетекчилик деп аталат жана анда иштеген ишчилер менен иш берүүчүнүн өз-ара мамилеси жана да иш берүүчүнүн **кесиптик бирлик** менен жана ишчилердин бөлөк органдары менен болгон мамилелерин тескөөчү, эмгектик, социалдык-экономикалык локалдык нормативдүү акт болуп эсептелинет. (ст.41.КР.ЭК.)

2. **Жамааттык келишимдин түзүлүшүнүн негизги принциптери:**

2.1.(Жактардын) тең укуктуулугу (тараптардын тең укуктуулугу);

2.2.(Жактардын) тараптардын кызыкчылыгын сыйлоо жана эсепке алуу);

2.3. Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдүүлүгүн сактоо;

2.4.Тараптардын өкүлчүлүк укуктуулугу;

2.5. Жамааттык келишимдин мазмунун эркин тандоо жана талкуулоо;

2.6. Милдеттенмелердин өз каалоосу менен кабыл алынышы жана алардын реалдуу (аныk) камтылышы;

2.7. Жамааттык милдеттенмелердин милдеттүү түрдө аткарылышы;

2.8. Тараптардын өкүлдөрүнүн, кызматтагы адамдардын жана башкалардын милдеттенмелердин аткарылбай калышы үчүн, жоопкерчилиги. (ст.2.КР. (« Жамааттык келишимдер жөнүндө») ст.23. КР.ЭК.)

3.Негизги максаттары жана маселелери:

3.1. Профессордук-окутуучулук курамды, бөлөк ишчилерди, студенттерди, пенсионерлерди социалдык жактан колдоо деңгээлин жогорулатуу.

3.2. Университеттин жана анын тармактарынын социалдык-экономикалык өнүгүү маселелерин аныктоо.

3.3. Эмгек шарттарын жана кесиптик өсүп-өнүгүүнү иреттештирүү.

3.4. Социалдык-эмгектик мамилелердин катышуучуларынын тендигин иреттештирүү жана ички өз ара мамилелердин эрежелерин аныктоо. (ст.1.КР. «Жамааттык келишимдер» мыйзамы)

4. Жалпы жоболор.

4.1. Жамааттык келишимди түзүү үчүн жана ага укуктуу болушка иш берүүчү жана кесиптик бирлик же ишчилер мүмкүнчүлүк берген өкүлчүлүк органдар болуша алышат. (ст.КР. « Жамааттык келишимдер»мыйзамы)

4.2. Жамааттык келишимдин тараптары болуп: иш берүүчү ОшМПУнун
ректору, мындан кийин «Жетекчилик» деп аталат жана ишчилер, кесиптик бирлик мүчөлөрү жана анын төрагасы
(ст. 22.28,29, КР.ЭК.)
« Жамааттык келишимдер» мыйзамы)

4.3. ОшМПУнун эмгек жамааты кесиптик бирлик төрагасын бардык эмгек жамаатынын толук кандуу өкүлү катары кабылдайт жана ага анык жамааттык келишимге кол коюусун тапшырат.

4.4. Жамааттык келишимди түзүүдө, кайра карап чыгууда жана аларды
аткаруудагы ишчилердин мыйзамдык укуктарын
чектөөгө, аралашууга, мамлекеттик, коомдук жана башка органдар) тыюу салынат.

5. Ишчилердин негизги милдеттери.

Анык жамааттык келишим боюнча ишчилер - ОшМПУнун эмгек жамаатынын анын тармактарынан милдеттенишет.

5.1. Өзүнүн кесибинде, адистигинде, дайындалган кызматында, ага жүктөлгөн иштерди, эмгек келишими боюнча түзүлгөн келишимдерди жоопкерчилик менен аткаруу. (ст.19. КР.ЭК.)

5.2. ОшМПУнун ички эмгек эрежелерин аткаруу (кармоо) (ст.19. КР.ЭК.)

5.3. Өзүнүн үстүндө үзгүлтүксүз чыгармачылык менен иштөө, өзүнүн эмгектик сапатын дайыма жогорулатуу. (ОшМПУнуни уставы)

5.4. Эмгектин орнотулган ченемдерин аткаруу. (ст.19. КР.ЭК.)

5.5. Эмгектин коопсуздугун жана эмгек сактоо талаптарын сактоо. (ст.19. КР.ЭК.)

5.6. Орнотулган эмгекти сактоо эрежелерин, ченемдерин жана инструкцияларды аткаруу (коргоо) (ст.211. КР.ЭК.)

5.7. Жамааттык жана жеке коргонуунун каражаттарын туура колдонуу.
(ст.212. КР.ЭК.)

5.8. Эмгекти сактоо боюнча, инструктаж окуу жана аларды өздөштүргөндүгү жөнүндө текшерүүдөн өтүү. (ст.216. КР.ЭК.)

5.9. Ишке кирердин алдында милдеттүү түрдө жана мезгили менен медициналык текшерүүдөн өтүү. (ст.212. КР.ЭК.)

5.10. Университеттин ээлик буюмдарына жана ишчилердин буюмдарына, ээликтерине камкордук менен кароо. (ст.19. КР.ЭК.)

5.11. Университеттин ээлик буюдарына, окуу каражаттарына зыян келтирген ишчилерге, уставды бузгандарга, тартиптик жана башка
жоопкерчиликтерди ОшМПУнун уставы жана КРнын мыйзам ченемдери боюнча жоопкерчиликти жүктөө.

5.12. Эмгек келишиминде түзүлгөн мамлекеттик кызматтык, коммерциялык сырларды сактоо. (ст.19. КР.ЭК.)

5.13. Өзгөчө кырдаалдар учурунда, ишчилердин, адамдардын ден-соолугуна, өмүрүнө коркунуч туулса, же өзү ушундай акыбалда калса токтоосуз түрдө жетекчиликке билдирүү. (ст.19.212. КР.ЭК.)

6. Ишчилердин негизги укуктары.

Ишчилердин укуктары бар: (ст.19. КР.ЭК.)

6.1. Эмгек келишимдерин түзүү, өзгөртүү жана келишимден чыгуу КРнын Эмгек Кодекси жана бөлөк мыйзамдар боюнча.

6.2. Эмгекке жана эмгек акысына сунуштоо (Эмгек келишими боюнча)

6.3. Эмгекти сактоо эрежесине туура келген эмгек ордуна жана ээлеген кызмат ордуна, ишине өз милдетин аткарууга мүмкүн болгон жабдылган кызматка.

6.4. Иштеген ишинин адистиги боюнча, кесиби боюнча аткарууга, алардан саны жана сапатынын негизинде өз убагында толугу менен эмгек (айлык) акысын алууга.

6.5. Эс алууга (ар жылдык төлөнмө эс алуу, дем алыш күндө кошумча төлөнмө эс алуулар, майрамдык күндөргө (ишсиз күндөр) социалдык эс алууларга, окуу эс алуусуна ж.б. КР.ЭКтин эрежелери, шарттары боюнча ушул жамааттык келишимдин эрежелери боюнча.

6.6. Кесиптик даярдоого, кесиптик кайра даярдоого, адистигин жогорулатууга КР.ЭК. негизинде, бөлөк ченемдик укуктук актар менен, жамааттык келишимдин эрежелери менен.

6.7. Эмгек, иш милдеттерин аткарууда ден соолугуна зыян болгондо аны дарылоого.

6.8. Милдеттүү социалдык камсыздоого. (КР. мыйзамдарындагы кездешкен айрым учурларда)

6.9. КРнын мыйзамдарында каралган толуктоого (компенцация) жана кепилдиктерге.

6.10. Бөлөк ченемдик актылар менен, мыйзамдар менен толуктоого (компенцация) кепилдиктерге.

6.11. Эмгек эркиндиктерин жана укуктарын мыйзамдарды пайдалануу аркылуу соттук коргонууну колдонууга чейин коргоо.

6.12. Өзүнүн кызыкчылыгын коргоо үчүн кесиптик союздарды түзүүгө, бирикмелерди түзүүгө, бирикмелерди түзүүгө жана башка өкүлчүлүк органдарды түзүүгө.

6.13. Өзүнүн өкүлчүлүктөрү менен жамааттык сүйлөшүүлөргө катышууга, келишимдерди түзүүгө.

6.14. Бир нече иш берүүчүлөр менен эмгек келишимдерин түзүүгө, кошумча иштөө шартында.

6.15. Мамлекеттик ишти текшерүү инспекциясына кайрылууга, эмгек чатактарын чечүүчү комиссиясына (ОшМПУ) жана укугу жана кызыкчылыгы бузулганда сотко кайрылууга.

7. Администрациянын (жетекчиликтин) милдеттенмелери.

Администрациянын (жетекчилик) Кыргыз Республикасынын элге билим берүү мыйзамдарынын талаптарына ылайык КРнын өкмөтү бекиткен берүүдөгү окутуу жоболоруна ылайык, КРнын Эмгек Кодекси, ОшМПУнун Уставы жана башка эмгек мамилелери боюнча болгон нормативдүү укуктук актылар боюнча төмөнкүлөргө милдеттүү:

7.1. Нормативдик укуктук актыларда, локалдык нормативдик актыларда, жамааттык келишимдердин шарттарын сактоого жана эмгек макулдашууларын сактоого. (ст.20 КР.ЭК.)

7.2. Эмгек жамаатынын, окуу жайдын нормалдуу иштеши үчүн, эмгекти уюштуруш үчүн (жоболорду, эрежелерди, буйруктарды, сунуштоолорду жана башка актыларды) калыптанган локалдык нормативдик актыларды кабыл алууга. (ст.20 КР.ЭК.)

7.3. Жамааттык келишимди алып баруу үчүн ишчилердин өкүлдөрүнө керектүү информацияларды (билдирүүлөрдү) берүүгө. (ст.20 КР.ЭК.)

7.4. Ишке кабыл алынганда, ишчиге ички иштеп жаткан иш эрежелери менен тааныштырууга, бөлөк нормативдик, ишчинин эмгегине тиешеси бар актылар менен тааныштырууга, жамааттык келишим, жалпы эмгек шарттары, эмгекти төлөө системасы жана социалдык-турмуштук жеңилдиктерди, ишкананын, окуу жайдын келечектеги өнүгүүсүн түшүндүрүүгө.

7.5. Ишке кабыл алууну жүргүзүүдө ОшМПУнун ички эрежелерин, уставын жана бөлөк нормативдик укуктук актыларын кыйшаюсуз бекем колдонууга.

7.6. Эмгек келишимин жазуу түрүндө 2 даанада түзүүгө, 1 даанасын ишчиге берүүгө жана 3 күндүк мөөнөттө буйрук чыгарууга, ал буйрук менен ишчинин таанышканын, көргөнүн жазуу жүзүндө тил кат алууга.

7.7. Эмгек келишими боюнча шартталган жумушчу орунду жана жумушту берүүгө.

7.8. Эмгек милдеттерин аткаруу үчүн ишчиге керектүү иш эмеректери, аспаптар, жабдуулар, техникалык документтер жана башка каражаттар менен камтууга. (ст.20 КР.ЭК.)

7.9. Өз убагында жана толугу менен эмгек акысын төлөөгө.
(ст.20,155, КР.ЭК.)

7.10. Чыгармачылык менен эмгектенүү үчүн анын кесибине жана адистигине жараша тең укуктуу, нормалдуу, шарттарды ар бир ишчиге түзүп берүүгө чараларды көрүүгө. (ст.180 КР.ЭК.)

7.11. Жаңы технологияларды окутуу жана ТСО боюнча пландуу иштерди алып барууга. (ст.195 КР.ЭК.)
7.12. Мурунку кабыл алынган ишчилер менен (аныкталбаган, чектелбеген мөөнөткө) эмгек мамилелерин сактоо жана алардын жаңы мөөнөткө тезделген эмгек келишимин түзүүгө, алардын макулдугу болмоюнча мажбурлабоого. (абз. акыркы с.55 КР.ЭК.)
7.13. Эмгек акысын иштелген ай үчүн кийинки айдын 10-санына чейин төлөп берүүгө, инфляцияга учураган мезгилде КР, ЭББжана Илим Министрлигине, КР өкмөтүнө эмгек акылардын индексация калышына чечим чыгарууга маселе коюуга. (ст.156 КР.ЭК.)
7.14. Минималдык (аз өлчөмдөгү) эмгек акылардын жашоо минимумуна жакындатуу үчүн (МПБ) ар кандай бюджеттен тышкаркы каражаттарды ушул максатта тартуу механизмдерин иштетүүгө.
7.15. Ишчилердин эмгек акыларынан кармап калууну КРнын мыйзамдарында көрсөтүлбөсө жүргүзбөөгө. (ст.155КР.ЭК.)
7.16. Локалдуу нормативдик актыларды эмгекти уюштуруу үчүн түзүлгөн эрежелерди, жоболорду, буйруктарды орнотулган калыпта нормалдуу, ыргактуу ишти ишканада (окуу жайда) жүргүзүү үчүн кабыл алууга. (ст.20 КР.ЭК.)
7.17. Жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн жана жамааттык келишимдин аткарылышын көзөмөлдөөгө ишчилердин өкүлдөрүнө керектүү билдирүүлөрдү (информацияларды) берүүгө. (ст.20 КР.ЭК.)
7.18. Убактылуу токтотуу же тыюу салуу усулу менен ишчилерди массалык түрдө иштен бошотууга жол бербөө, кошумча иштегендерди, орун алмашууларды, сабактан тышкаркы иштерди алып таштоого, жүрүп жаткан иш шарттарын өзгөртүүгө
С.б.145 ст.71.КР.Э.К. этаптар менен ишчилерди бошотууга,
(ст.78 КР.ЭК.) ал эми толук эмес иш убактыларын же бөлөк ишке которуу (ишчинин макулдугу менен) (ст.69 КР.ЭК.)аларга жол бербөөгө.
7.19. Жетекчилик тарабынан бошотулган ишчини КР.ЭК. көрсөтүлгөн учурларында ишчини бошотуудан мурун Университеттин кесиптик кошунунун комитети менен макулдашы керек экендиги. (ст.84 КР.ЭК.)
7.20. Ишчилердин штатын же санын кыскартууда (ст.83 КР.ЭК.ст.12 КР.ЭК.) иште жогорку квалификациясы бар жана жакшы иштеген ишчини калтыруу укугу бар экенин, ал эми бирдей көрсөткүчтө эмгек стажы (ушул ишканада) бага тургандары бар экени (иждивенцы) жана пенсияга кетээр убактысы (3жыл ичинде) дагы да Чернобыль жана бөлөк апааттарга ишчинин катышышы эске алынышы (ст.85 КР.ЭК.)
7.21. Эмгек келишимин бузганда ст.1,2 ст.83 КР.ЭК. (ишкана, окуу жай ж.б.) жоюлушу, штаттардын кыскаруусу же санынын азайышында, 1 ай мурун ишчини жазуу түрүндө өзүнүн колу коюлган тил кат аркылуу эскертүүгө, жамааттык кесиптик кошун менен

макулдашууга (ст.84 КР.ЭК.) жана мамлекеттик иш менен камсыздоо кызматына, кыскартылган, бошотулган ишчинин адистигин, кесиптигин билдирүүгө жана айлык акысынын өлчөмүн билдирүүгө. (ст.85 КР.ЭК.) Ошондой эле ишчиге жумасына бир күнгө, орто айлык акысын сактоо менен өзүнө иш издеп табуу үчүн иштен жооп берүүгө. Тараптардын макулдашуусу менен келишим бузула турган болсо, эскертүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө чейин ар күнүнө орто айлык акысын төлөп берүүгө. (ст.85 КР.ЭК.)

7.22. Эмгек келишиминин бузулушуна п.п.2,3 ст.83.КР.ЭК. (штаттардын, алардын санынын кыскарылышы же ишчинин ээлеген кызматына жарабагандыгы п.8.ст 79 КР.ЭК, ошондой эле ишчинин эмгек шарттарынын өзгөрүлүшүнө жараша сунушталган иштен, кызматтан баш тартышы) ишчини өзүнүн макулдугу менен башка ишке которууга мүмкүнчүлүк болбогондо уруксат берүүгө.
(ст.85 КР.ЭК.)

7.23. Ишчинин ээлеген ишинен, кызматына туура келбегендиги, жарабагандыгы тууралуу же ден-соолугунун абалына
жараша, кесибинин, адистигинин жетишсиздигине жараша иштен бошотууда, ишчини эки жумадан кем эмес мөөнөттө эскертүү беришке.

7.24. П.П.1,2 жана 4 (ст.83 КР.ЭК.) негизинде иштен бошотулганда 2 айдан кем эмес орто айлык ченеминде чыгуучу пособие төлөп беришке, ал эми п.10ст.79п.п.»а» 3п. боюнча иштен бошотулса орто айлык акысынын өлчөмүн төлөп берүүгө (негизги-п. 10ст.79п.п.»а» 3п Ст.83 жана п.1,2.ст.88)КР.ЭК. (ст.86,87 КР.ЭК.)

7.25. Эмгек талаштарын кароодо тең тараптуу башталышта кесиптик кошундун жана жетекчиликтин өкүлдөрүнөн комиссия түзүүгө
(ст.415 п.1 КР.ЭК.) Ишчилердин өкүлдөрү ишкананын окуу жайдын Жалпы жамаатынан чогулушунда (конференциясында) же кесиптик кошун комитетинин жалпы чогулушта, (конференцияда) бекитилген өкүлдөрүнөн түзүлүшүнө, ал эми жетекчилик тарабынан өкүлдөрүн жетекчилик дайындоого.

7.26. Иш орундарын аттестациялоо негизинде зыяндуу жана оор шарттуу иштерде иштегендерге 15% ден 30% ке чейин тарифтик ставка (оклад)
(ст.164 КР.ЭК.) КР окмөтүнүн №258 токтому 27.04.2015-жыл) өлчөмүндө төлөп берүүгө.

7.27. Буйрук аркылуу атайын комиссия менен үч жылда бир жолу (ППС-беш жылда бир жолу) ишкананын, окуу жайдын ишин өркүндөтүү максатында, ишчилердин, окутуучулардын кесиптик өсүшү үчүн, чыгармачылыкты арттырууда жана иш сапатын аныктоо, кызматтык өсүш үчүн, ишчилердин кызмат орундарына төп келишин аныктоого.

7.28. Университеттин ар бир ишчисин жыл бою иштеген ишин аныктоочу аттестациялык комиссия аркылуу иштеген маянасына

(кызматтык окладына) кошумча айлык акыларды кошууга жана бул материалдык стимулдаштыруу, назарияттык-илимий деңгээлди, кесиптик чеберчиликти, чыгармачылык демилгелүүлүктү жана алдыңкы тажрыйбаларды жана үзүрлүү илимий-изилдөөчүлөрдү жүргүзүлүшүнө өбөлгө түзүлүшүнө. (ст.145 ч.2 ст.197 КР.ЭК, ст.32 КР «билим жөнүндөгү мыйзамы», Кыргыз Өкмөтүнүн токтому (сыйлоо эрежелери жана тизими-эмгекти төлөөдө, сырды жашыруу, эмгектин өзгөчө шарттуу түрлөрү, педагогикалык иш мөөнөтү (стаж). (Университеттин кошумча, иш күнүнөн тышкаркы иштер жөнүндө локалдык) (чөйрөлүк актылары).

7.29. Университеттин ички тартиптери, эрежелери менен (алкыш жарыялоо, сыйлыктар, баалуу буюмдар, Ардак грамоталар, кесиптин мыктысы же дагы бөлөк номинациялар) (аталмалар) жана кабыл алынган эрежелер боюнча ишчилердин иштеги жетишкендиктерин Мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүүгө.

7.30. КР мыйзамдарына жараша гарантияларды, (кепилдиктерди) пособиелерди төлөө, толуктоо төлөмдөр (компенсация) эрежелерин катуу кармоого. (ст.181,187,189,194. КР. ЭК)

7.31. КР. ЭК ст.116,118-122,380, Кыргыз Өкмөтүнүн токтомдоруна жана бөлөк укуктук актыларына ылайык жылдык төлөнмө эс алууларды (отпуска) иш ордуларын, кызматтарын сактоо менен берүүгө:

7.31.1. Негизги-28 календардык күндөр бардык ишчилерге (ст.117 КР. ЭК.)

7.31.2. Төлөнүүчү, узартылган, негизги эс алуу (Кыргыз Республикасынын министирлер кабинетинин 15-июну 2022-жылдын №320ст. 380КР.ЭК. а) (окутуучуларга, тийиштүү структура жетекчилерине, доценттерге, профессорлорго, педагогикалык иштерди алып баруучуларга-56 календардык күндөр.

б)ректорго (директор, начальник) декандар жана алардын орун басарларына: Педагогикалык стажына жараша

10 жылга чейин стажы барына-35 календардык күндөр;

10 жылдык стаждан өйдөлөрүнө-49 календардык күндөр;

15 жылдык стаждан өйдөлөрүнө-56 календардык күндөр;

7.31.3. Жогорку профессионалдык окуу жайлардын илимий тармагында иштеген илимий кызматчыларга, өзгөчө мүнөздөгү иштери үчүн кошумча төлөнү үчүн эс алуу-негизги эмгек 28 календардык эс алуу күндөрүнө кошулуп берилет. (ПП редакция КР 11-май 2006-жыл, №343 ст.121 КР.ЭК.)

а) илимий кызматчылар жана Университеттин илимий тармактарындагы илимий-изилдөө иштерди аткарган кесип ээлери (специалисты) -

7 календардык күндөр;

б) Илимий изилдөө иштерди аткарган,илимдин кандидаттары-

14 календардык күндөр;

в)Докторлорго(профессорлорго) илимий изилдөө иштерди аткаргандарга 28 календардык күндөр;
7.31.4. Узартылган негизги эс алуу-18 жашка чейинки ишчилерге жана майыптарга-30 календардык күндөр; (п.2.ст.118.КР.ЭК.)
7.31.5. Кошумча төлөнүүчү эс алуу (ст.119,120,122 КР.ЭК, Кыргыз Өкмөтүнүн токтому №258 27.04.2015.) -7 календардык күндөр;
(Университеттин каржылык мүмкүнчүлүгү болгондо, өзгөчө мүнөздөгү иштер үчүн, мөөнөтсүз иш күндөрү менен, химиялык заттары бар жана алардын приборлорун иштетүүдөгү эмгектин коркунучтуу шарттары, ден-соолукка зыяны бар жерлерде иштегендер)
7.31.6. Эмгек жылынын пропорционалдык иштелген бөлүгү үчүн негизги эмгек эс алуусун берүү, биринчи иш жылында 11ай үзгүлтүксүз иши үчүн (11 ай бүтө электе) (п.1-5ч3.ст.126 КР.ЭК.) көрсөтүлгөндөрдөн тышкары, ишчинин арызы менен, 14 календардык күндөрдөн кем эмес, студенттердин каникулдары жана ишчилердин эс алуу мезгилинде.(иш жана иш убактылары бул мезгилде жокко эсе)
7.31.7. ОшМПУда үзгүлтүксүз 11ай иштеп (1жыл үчүн) (11 айдын ичинде) арыздын негизинде толук төлөнүүчү эмгек эс алуусуна укугу бар. (ч.2.ст.126 КР.ЭК.)
а) Аялдарга –боюнда бар, төрөө жана төрөөдөн кийинки эс алуу.
б) 18 жашка чейинки ишчилерге
в) Кошумча иштегендерге (совместитель) эгерде негизги ишинин эс алуусу, кошумча иштеген жерде 11айга чейинки мезгилге туура келсе.
г) үч айга чейинки жаштагы баланы (кызды) багып алышкан ишчилерге.
д) Мыйзамдарда каралган бөлөк учурлар үчүн.
7.31.8. Айлык акы сакталбаган эс алууга үй-бүлөлүк же бөлөк себептер менен өз арызы менен кайрылган ишчилерге тараптар тарабынан макулдашып бир иш жылына бир жолу гана берилет. (ст.113 п.1.КР.ЭК.) 1 жылга чейин.
7.31.9. Айлык акы сакталбаган эс алууну, ишчинин арызы боюнча милдеттүү түрдө КР мыйзамдарына ылайык (ст.133 п.2.КР.ЭК.) төмөнкү учурларда берилет.
а) Ата Мекендик Согуштун катышуучуларына жана ага тенделген жеңилдиктер берилгендиктерге, Чернобыль АЭСнин кыйрашын оңдогондорго -14 календардык күндөр, бир жылда.
б) Аскер кызматчыларынын ата-энелерине, аялдарына (күйөөлөрүнө) өлкөнү сактоодо жарааттан контузиядан, майыптыктан курман болушса, же фронтто болгон себебинен оорудан кайтыш болсо, -14 календардык күндөр, бир жылда.
в) Иштеген майыптарга-60 календардык күндөр, бир жылда.
г) Ишчилерге-бала төрөлгөндө, никеге катталганда, жакын туугандары дүйнөдөн кайтканда -5күнгө чейин,1жылда.
д) КР мыйзамдарында каралган бөлөк учурларда.

7.31.10. Ишчилердин арызы боюнча социалдык эс алууларды берүү (боюнда бар жана төрөө, баланы багуу, жаңы төрөлгөн балдарды багып алуу, окуу жана бөлөк КР мыйзамдарында көрсөтүлгөндөргө)
7.31.11. Ишчинин эс алууда жүргөнүндө анын иш ордунун сакталышы (ст.116,133 КР.ЭК.)
7.32. Эмгекти сактоонун талаптарын жана ченемдерин аткаруу.
7.33.КРнын Өкмөтүнүн 27.01.2015-жыл №258 токтомунун негизинде жана анын натыйжалары аркылуу иш орундарын аттестациялоону өткөзүү, (алмаштыруу, модернизациялоо, коопсуздукту камтыган, стандарттарга ылайык эмгекти коркунучтан арылтууга келтирүү, обьектерди (машиналар, механизмдер, технологиялык жабдуулар жана технологияларды) колдонууга жарабагандарды чыгаруу.
7.34. Эмгекти сактоо кызматын түзүү, мында ишчилердин эмгегин сактоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу(ст.222,209-212,213-214.КР.ЭК.)
7.34.1. Орнотулган нормалар боюнча. (ст.211,214 КР.ЭК.) химикаттар жана бөлөк ден-соолукка зыян келтирүүчү заттар менен иштеген ишчилерге, бекер атайын иш кийимдерин, бут кийимдерин берүү жана башка жеке сактоочу каражаттар, жууп кетирүүчү, зыяндыктарды жоюучу каражаттар менен камсыздоо.
7.34.5. КРнын (ст.225-229ЭК) мыйзамдары орноткон, эмгекти сактоо талабын аткарбай, коопсуз иш шарттарын камсыз кылбоонун негизинде администрациянын (жетекчиликтин) күнөөсү аркылуу эмгек милдетин аткарып жаткан учурда, ден-соолукка доо кетип, майып болгон же дүйнөдөн кайткан ишчилерге моралдык, материалдык жардам толук көлөмүндө жүргүзүлөт. (ст.225-229.КР.ЭК.)
7.35. Аялдардын жана жаштардын кызмат акыбалын, көтөрүү, жогорулатуу, квалификацияны жогорулатуу системасын түзүү. (ст.195, 196.КР.ЭК.)
7.36. Кабыл алынган, орнотулган эрежеде аспиранттарга, докторанттарга мамлекеттик стипендияны өз убагында төлөп берүү, жүйөлүү учурда жашоочу жай берүү.
7.37.КРнын мыйзамдарына ылайыктуу, окуу жайынын каражатына жараша, эс алуунун максаттуулугуна байланыштуу, окуу китептерин жазууга, диссертацияларды аяктоо үчүн, окуу жайдын окумуштуу кеңешинин чечими боюнча, илимий-педагогикалык ишчилерге чыгармачылык эс алуу, эмгек акысы сакталуу менен 3 айдан бир жылга чейин берилет.
7.38. ОшМПУнун 2021-жылдын 25-январындагы Окумуштуулар кеңешинин №3 протоколунун чечимине ылайык жана Финансылык уюмунун макулдугу менен диссертация жактагандарга (кандидаттык) 75000 сом, докторлук диссертация жактагандарга 125000 сом окуу жайдын эсебинен төлөнөт.(окумуштуулар кеңешинин чечими менен өзгөрүлүп турат)

7.39. а) ОшМПУда келишимдик негизде окушкан тоголок жетим студенттерге окуу жайдын мүмкүнчүлүгүнө жараша жардам берилет.
б) Тоголок жетим студенттер жатаканага төлөө акысынан бошотулат.
7.40. ОшМПУда иштеген окутуучу кызматкерлер медициналык көзөмөлдөн өтүүдөгү төлөмдөрдөн бошотулат. (Медициналык тармактар менен келишим аркылуу окуу жайдын эсебинен төлөнөт)
7.41. Келишимдик негизде окушкан студенттердин моралдык-материалдык жактан укутарын коргоо максатында профсоюздун мүчөлүгүнө кабыл алып, ар бир студенттин келишимдик төлөө акысынан айына жогорку билимде окуган ар бир студенттин келишимдик төлөө акысынан жылына 60 сомдон, колледжде окуган студенттерден 50 сомдон жылына профсоюздун эсебине которулат.

8. Жетекчиликтин негизги укуктары.

Жетекчиликтин укугу бар. (ст.20.КР.ЭК.)
8.1. КРнын Эмгек Кодекси жана бөлөк мыйзамдарына ылайык ишчилер менен Эмгек келишимдерин түзүүгө жана бузууга.
8.2. Эмгекти уюштурууга багытталган, локалдык, нормативдик акттарды кабыл алууга.
8.3. Жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана түзүүгө.
8.4. Иш берүүчүлөрдүн бирикмелерин түзүүгө жана аларга кирүүгө өзүнүн кызыкчылыгын жана укугун коргоо максатында.
8.5. Ишчилерди колдоого.
8.6. ОшМПУнун жана анын тармактарында иштегендерден КРнын мыйзамдарын жамааттык келишимдин шарттарын жана окуу жайдын ички эмгек эрежелерин, Уставын жана башка нормативдүү акттарды (инструкцияларды, буйруктарды, көрсөтмөлөрдү, сунуштарды) аткарууну талап кылууга.
8.7. КРнын Эмгек Кодексине, ОшМПУнун Уставына жана бөлөк мыйзамдарга ылайык ишчилерди тартиптик жана материалдык жоопкерчиликке тартууга.
8.8. Өзүнүн укугун жана кызыкчылыгын коргоо максатында сотко кайрылууга.

9. ОшМПУнун кесиптик бирлик комитетинин милдеттенмелери.

ОшМПУнун кесиптик кошун комитети КРнын Эмгек Кодекси, КРнын «Кесиптик кошундар мыйзамы», КРнын билим берүү жана илим кесиптик кошундарынын уставын өзүнүн ишмердигин жетектөөдө, Университеттин жана анын тармактарынын ишчилеринини атынан жамааттык келишимди жамааттын атынан катышып. өзүнө төмөнкү функцияларды ишчилердин астында ишке ашырат.

9.1. Кесиптик кошундун мүчөлөрүнүн социалдык-эмгектик укуктарын жана кызыкчылыгын ОшМПУнун жетечилигинин астына коюу жана аларды коргоо.
9.2. Ишчилердин атынан жамааттык келишимди түзүү жана анын ишке ашырылышын, аткарылышын көзөмөлдөө.
9.3. КРнын мыйзамдарына ылайык , ишчилердин жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана мамлекеттик башкаруу органдарына катышуу максатында шайлоо компанияларына катышуу.
9.4. КРнын иштелип жаткан мыйзамдарына ылайык ишчилердин кызыкчылыгын уюмдарда, башкаруу органдарда көрсөтүү.
9.5. Жетекчиликтин демилгеси менен иштен бошотулган кесиптик кошундун мүчөлөрүнүн укуктарынын сакталышына жетекчиликке туруштук берүү.
9.6. Жамааттык келишим аркылуу, жетекчиликтин ишчилердин укугун, массалык иштен бошотууну астын алуу, орнотулган кепилдиктерди сактоосуна катышуу.
9.7. КРнын орнотулган мыйзамдары жана бөлөк нормативдик укуктук
актылардын негизинде, жамааттык келишимдин нормативдүү эрежелеринде көрсөтүлгөн формасын. системасын, эмгек акыларын, пособиелерди төлөө жана ордун толуктоолор (компенсациялар) минимумдан ылдый эмес эмгек акыларын индексациялоолорду камсыз кылуу.
9.8. Ишчилердин эмгек акысын жогорулатуу үчүн, кошумча жеңилдиктер жана компенсацияларды бериш үчүн жетекчиликтин астына сунуштоолорду киргизүү жана анын аткарылышына чараларды көрүү.
9.9. Ишчилердин эмгек акысын туура эсептеп чыгаруу жана анын өз убагында төлөнүшүнө көзөмөлдөөнү өз убагында ишке ашыруу.
9.10. Өкүлчүлүк жолу менен социалдык камсыздоо комиссиясына ишчилердин социалдык маселелерин чечүү үчүн катышуу.
9.11. Кесиптик кошундун мүчөлөрүнө, медициналык бүтүмдөрдүн негизинде дарылануага жана эс алууга профилакторийлерге, санаторияларга путевка (жолдомо) алышка көмөктөшүү, биринчи иретте кан тапшыруучу донорлорго же ушуга окшош компоненттерди аткаргандарга, зарыккан оорулууларга, (жеңилдетилген, бекер путевкалар)
9.12. Кесиптик кошундун мүчөлөрдүн балдарына жайкы эс алууну жана ден-соолуктарын чыңдоону дагы да маданий-массалык, спорттук иш-чараларды уюштуруу, аларды өткөрүүгө акча каражаттарын бөлүү.
9.13. Жеке үйлөрдү курууга, муктаж болгон кесиптик кошундун мүчөлөрүнө жер тилкелерин бөлүп берүүгө көмөк көрсөтүү.
9.14.Университеттин көмөкчү чарбасынын ишине жана мыйзам ченеминде пайдаланышына коомдук көзөмөл жүргүзүү.

9.15. Кесиптик кошундун фондусунан , милдеттүү аткарылуучу жагдай учурунда, кесиптик кошундун мүчөлөрүнө материалдык жардам көрсөтүү, айрыкча муктаж болуп жаткан ишчилерге, студенттерге тоголок жетимдерге, жарым жетимдерге, жаратылыш кырсыктарынан жабыр тарткандарга, катастрофага туш келгендерге ж.б.)

9.16. Ишчилердин социалдык –экономикалык суроолорун жана алардын кызыкчылыктарын коргоодогу ишмердигин кесиптик кошундун мүчөлөрүн, кесиптик кошундун жана анын бирикмелеринин позицияларын (көз караштарын, тараптыгын) кесиптик кошундун чогулуштарында, кесиптик кошундун кереге стенддери аркылуу, жергиликтүү басмалар аркылуу билдирүү.

9.17. Жетекчилик менен бирге ишчилердин квалификациясын (иш билгилигин) жогорулатуу иш-чараларын камсыз кылуу.

9.18. Кесиптик кошун активдери жана кесиптик кошун мүчөлөрүн окутууну уюштуруу.

9.19. Жетекчилик менен бирге макулдашылган, эмгекти коргоо шарттарын түзүү айлык акыны иреттөө жана эмгек орундарын толуктоо чараларын камсыздоо.

9.20. КРнын Эмгек Кодексинин талаптарын бузбоого жол бербөө үчүн коомдук көзөмөлдөө чараларын колдонуу.

9.21. Эмгек мамилелерин тескөө жана жеке эмгек талаштарын коргоодо
кесиптик кошундун мүчөлөрүн кызыкчылыгын көрсөтүү.

9.22. Туруктуу иштөөчү эмгекти сактоо комиссиясынын курамына кесиптик кошундун эмгекти сактоочу мүчөсүн кошуу.

9.23. ОшМПУнун студенттерине, ишчилерине санитардык-агартуу, ден-соолукту чыңдоо, профилактикалык, диспансерлештирүү жана медициналык кызматкерлерге көмөк көрсөтүү.

9.24. Студенттерди жатаканага жайгаштырууда, алардын жашоо-тиричилик шарттарын текшерүүгө катышуу, жатакана үчүн төлөмдөрдүн туура болушуна көзөмөл кылуу.

9.25. Коомдук көзөмөл жолу менен коомдук тамактануу жана тиричилик кызматындагы ишчилердин эмгектик укуктарына, алар колдонгон имараттардын жакшы каралышына көзөмөл кылуу жана кетирилген кемчиликтер боюнча аларды жоюу үчүн жетекчиликтин астына маселелерди коюу.

9.26. Студенттердин арасында илимий жана техникалык чыгармачылык иштерге тартуу иштерин жүргүзүү.

9.27. Эмгек тартиптерин бузгандарга, коомдук таасир берүүчү чараларды көрүү, аларга түшүндүрүү жана тарбиялык иштерин жүргүзүү.

9.28. Жетекчиликтин астына төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу максатында акча каражаттарын таап беришин сунуштоо.

а) ОшМПУнун медициналык пунктун керектүү медициналык приборлор жана дары дармектер менен жабдуу, ушул эле медпункта баштапкы медициналык тейлөөнү уюштуруу. (Саламаттыкты сактоо органдары менен түзүлгөн келишимдин негизинде)

б) Эс алуу, (эмоцианалдык бошонуу) тамактануу, кыздардын жана аялдардын гигиеналык жамааттын, студенттердин маданияттуу эс алуу, кесиптик-майрамдык, тамеки чегүү ж.б.бөлмөлөрдү түзүү.

9.29. Университеттин жана анын башка тармактарынын колдоо чечимдерине катышуу, аларга тиешелүү документтерди даярдоо.

10. Жамааттык келишим 3-5 жылдык мөөнөткө түзүлүп, 5 экземплярдан (даанадан) турат. (Ар тарапка бир, бир экземплярдан (даанадан)

11. Тараптар, жамааттык келишимдин иштешин 3 жылдан ашык эмес мөөнөткө узартышка укугу бар.

12. Жамааттык келишимдин иштеши жетекчиликке Университеттин жана анын тармактарынын бардык ишчилерине, анын ичинде ишке келишим кабыл алынгандан кийин кабыл алынгандарга, ОшМПУнун кесиптик кошун уюмуна тиешелүү.

13. Жамааттык келишим өзүнүн иштешин жана күчүн уюмдун, ишкананын, окуу жайдын аты өзгөрүлгөндө, алардын жетекчиси менен эмгектик келишимди бузганда да сактап калат.

14. Жамааттык келишим реорганизация (кайрадан уюштуруу) учурунда (кошулуп кетүү, биригүү, бөлүнүп чыгуу, өзгөчө орунда болуу, бөлөк аталышка өтүү) учурунда, реорганизация бүткөнчө өзүнүн иштешин жана күчүн сактайт.

15. Менчиктештирүү формасына окуу жайы туш келген учурда, жамааттык келишим 3 ай бою өзүнүн иштешин жана күчүн сактап калат.

16. Реорганизация (кайрадан уюштуруу) жеке менчиктештирүү формасына өткөн учурда, бир тарап экинчи тарапка, жаңы жамааттык келишимди түзүүнү сунуштоого укугу бар же мурунку жамааттык келишимди 3 жылга чейин узартууну сунуштайт.

17.Уюмду, окуу жайды, ишкананы жоюу (ликвидация) учурунда жамааттык келишимдин иштеши, күчүн жоюу мөөнөтү бүткөнчө сакталат.

18. Жамааттык келишимди өзгөртүү, толуктоо келишимдин иштөө мөөнөтүндө, тараптардын макулдугу менен жүргүзүлөт.

19. Жамааттык келишимге кол койгон тараптар, жылына 1 жолу, жамааттык келишимдеги милдеттемелердин аткарылышы боюнча, жамаатгын жалпы чогулушунда (конференцияда) жооп отчет (маалымат) беришет.

20. КР «Жамааттык келишим» мыйзамынын эрежелерин бузган учурда жана жамааттык келишимдин милдеттенмелеринин аткарылбагандыгы үчүн, тараптар Кыргыз Республикасынын орнотулган мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликти тартышат.

ОшМПУнун ректору,
п.и.к., профессор:

_____
(колу)
Б.Б. Зулуев

«30-июнь» 2022-ж.

Макулдашылды:

ОшМПУнун башкы эсепчисинин башчысы_____
(колу)
Р.А.Абылов

Макулдашылды:
ОшМПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы:_____
(колу)
Кадыралиева А. Б.

ОшМПУнун профсоюз комитетинин төрагасы:

_____
(колу)
А.Б.Кошбаев

«30-июнь» 2022-ж.

Макулдашылды:

ОшМПУнун юристи:

_____
(колу)
Кармышаков Т. М.

«30-июнь» 2022-ж.